2.3.Жобону бекитүү жөнүндө айыл кеңештин токтому белгиленген тартипте массалык маалымат каражаттарына (интернет булактарына) жарыяланат.

2.4.Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү, айыл кеңеши тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

**3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби**

3.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик той, тушоо кесүү той, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) той, куда тосуу, аны түштөндүрүү, мааракe салтанаттары жана башкалар кирет.

3.2.Үй-бүлөлүк салтанаттар калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

**4. Маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Маркумду эске алуу ырым-жырымдарын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө мал союуга болбойт (тыюу салынат).

4.2. Маркумду эске алуу ырым-жырымдары мал союуну эсепке албаганда калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча өткөрүлөт.

**5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары**

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн ирээтке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына айыл өкмөтүнүн башчысы жана жергиликтүү комиссия кирет.

Бардык комиссиялар өздөрүнүн ишин документтештиришет.

**5.1. Жергиликтүү комиссия**

5.1.1.Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айыл кеңештин депутаттары, маданият мекемесинин ардагерлери, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, ички иштер бөлүмүнүн участкалык инспектору, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2.Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, маркум ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

**6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине, жергиликтүү жамааттын уставында жана айылдын ички мыйзамдарына жана эрежелеринде каралган (элдик курултай, айылдык жана шаардык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.